**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЧҮЙ РАЙОНУ**
**КЕГЕТИ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

Кегети айылы

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**
**КЕГЕТИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

с.Кегети

---

Кегети айылдык кенешинин XXVIII чакырылыштын
кезектеги XII отуруму

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-жылдын 11-марты № 6

**Кегети айылына курула турган унаа жуугуч жана желимдөө пунктуна жана Чапаево айылына тараза орнотууга жер тилкесин бөлүү жөнүндө**

Кегети айылдык кеңештин төрагасы З.С.Качиев айыл өкмөтүнүн 2023-ж. карата социалдык-экономикалык өнүгүү планы менен бекитилген Кегети айылына унаа жуугуч(автомойка) жана желимдөө(вулканизация) пунктуна жана Чапаево айылына тараза орнотууга(автовес) жер тилкесин бөлүп берүүгө айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу боюнча башкы адиси Б.Н.Садырбековдун жазган кайрылуусун тааныштырып өттү. Депутаттар угуп, талкуулап, Кегети айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кегети айылына унаа жуугуч(автомойка) жана желимдөө (вулканизация) пунктуна муниципалдык менчиктеги жерден 0,10 сотых жер тилкесин бөлүп берүү жагы айыл өкмөтүнө сунушталсын.
2. Чапаево айылына тараза орнотууга(автовес) муниципалдык менчиктеги жерден 0,10 сотых жер тилкесин бөлүп берүү жагы айыл өкмөтүнө сунушталсын.
3. Жер тилкесин ылайыгына жараша бөлүп берүү жагы айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу боюнча башкы адиси Б.Н.Садырбековго тапшырылсын.
4. Көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин жер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага З.С.Качиев